КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН ТОКТОМУНАН

КӨЧҮРМӨ

---

Бишкек ш. 2022-жылдын «30» декабрындагы №43/2

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктуна таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет):

- 2004-жылдын 28-октябрындагы № 24/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банк эмес финансы-кредит уюмдарда ички контролдук системасын жана ички аудитти уюштуруу боюнча усулдук сунуш-көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө»;
- 2005-жылдын 26-июлундагы № 39/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кредиттик союздардын маалымат системасына карата белгиленген минималдуу талаптарды аткаруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөр жөнүндө»;
- 2005-жылдын 5-октябрындагы №43/1 «Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө»;
- 2008-жылдын 25-декабрындагы №27/3 «Даяр турак жайды сатып алууга берилген кредиттерди стандартташтыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу»;
- 2009-жылдын 21-октябрындагы № 21/1 «Кыргыз Республикасынын микрофинансылык уюмдарында маалымат системасынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу»;
- 2011-жылдын 29-июлундагы № 15/3 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктардын Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө»;
- 2014-жылдын 26-декабрындагы № 46/1 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө»;
- 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттордун формаларын толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөнү бекитүү жөнүндө»;
- 2018-жылдын 18-январындагы № 03/3 «Кредиттик бюронун отчет толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө»;

- 2019-жылдын 8-майындагы № 16/6 «Айыл чарбасын өнүктүрүүгө ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык каржылоо сунуштоо боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу».

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Көзөмөл боюнча комитеттин катчысы Ж. Аралова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ
НАЦИОНАЛЬНЫЙ БАНК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана документ менен иш алып баруу бөлүмү
Отдел развития государственного языка и документооборота
ИНН 01212199210017

Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын
Көзөмөл боюнча комитетинин
2022-жылдын «30» декабрындагы
№ 43/2
токтомуна карата тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин токтомдоруна өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2004-жылдын 28-октябрындагы № 24/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан банк эмес финансы-кредит уюмдарда ички контролдук системасын жана ички аудитти уюштуруу боюнча усулдук сунуш-көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банк эмес финансы-кредит уюмдарда ички контролдук системасын жана ички аудитти уюштуруу боюнча усулдук сунуш-көрсөтмөлөрдүн:

- преамбуласы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынын жөнгө салынган банк эмес финансы-кредит уюмдарда ички контролдук системасын жана ички аудитти уюштуруу боюнча усулдук сунуш-көрсөтмөлөр (мындан ары - Сунуш-көрсөтмөлөр) Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө» мыйзамына ылайык иштелип чыккан жана мында банк эмес финансы-кредит уюмдарында (мындан ары - БФКУ), анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган БФКУларда ички контролдук системасын жана ички аудитти уюштуруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөр камтылат (банк мыйзамдарында белгиленген атайын терминологияны эске алуу менен).».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 26-июлундагы № 39/1 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кредиттик союздардын маалымат системасына карата белгиленген минималдуу талаптарды аткаруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кредиттик союздардын маалымат системасына карата белгиленген минималдуу талаптарды аткаруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдүн:

таблицасындагы:

- «Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 10-мартындагы № 31/2 токтому менен бекитилген Кредиттик союздар үчүн эсепке алуу саясаты боюнча методикалык сунуш-көрсөтмөлөр» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдардын эсепке алуу саясатына карата талаптар жөнүндөгү» жобо» дегенге алмаштырылсын;

- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясынын (күбөлүгүнүн) негизинде иш алып барган банктык эмес финансы-кредит уюмдар тарабынан финансылык отчетту түзүүсүнө жана маалымат берүүсүнө карата талаптар жөнүндө» жобо» деген сөздөр

«Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчетторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө жобо» дегенге алмаштырылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2005-жылдын 5-октябрындагы №43/1 «Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 10.3-пунктунун бүтүндөй тексти боюнча «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдө «Кыргыз Республикасынын Министерлер Кабинети» дегенге алмаштырылсын;

- 20.8.-пунктундагы «көз карандысыз баалоочу/банктын баалоочусу» деген сөздөр «ички баалоочу/баалоочу/баалоочу уюм» дегенге алмаштырылсын.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2008-жылдын 25-декабрындагы №27/3 «Даяр турак жай сатып алууга берилген кредиттерди стандартташтыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Даяр турак жай сатып алууга берилген кредиттерди стандартташтыруу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдүн:

- 1.3-пунктунун экинчи абзацындагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» дегенге алмаштырылсын;

- 1.4-пунктунун:

жетинчи жана сегизинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Кредиттик таржымал - кредиттик бюро тарабынан Кыргыз Республикасынын «Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө» мыйзамына ылайык кредиттик маалымат субъектине карата түзүлгөн кредиттик маалыматтын жыйындысы.

Баалоочу (көз карандысыз адис-баалоочу) - баалоо ишин жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте берилген квалификациялык сертификатка ээ жеке адам;»;

пункт төмөнкү мазмундагы тогузунчу абзац менен толукталсын:

«Баалоочу уюм - мыйзамда белгиленген тартипте катталган, ишинин негизги түрү катары баалоо иши саналган жана штатында квалификациялык сертификатка ээ кеминде эки баалоочу иштеген юридикалык жак;»;

- 4.2.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«4.2.1. Күрөөгө сунушталган кыймылсыз мүлктү баалоо иши баалоочу/баалоочу уюм тарабынан карыз алуучунун каражаттарынын эсебинен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык жүргүзүлөт. Баалоочу/баалоочу уюм баа берилип жаткан объекттин наркы жөнүндө негиздемелери жана тыянактары менен баа берүү жыйынтыктары жөнүндө кеңири отчетту сунуштоого тийиш.

Мында, төмөнкү талаптарга жооп берген баалоочу/баалоочу уюмдун кызматтарын пайдалануу сунушталат:

- тиешелүү сертификатка ээ;

- баалоочу/баалоочу уюм банктын кызматкери жана/же анын аффилирленген жагы жана карыз алуучу менен байланыштуу жак болбоого;

- баалоо ишинде кеминде 2 жылдык иш тажрыйбага ээ.»;

- 1-тиркеменин:

3.4-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«3.4. Сый акыны чегерүү мөөнөтү кредит сунушталган күндөн кийинки күнү башталат, ордун жабуу күнү сый акы чегерүү мөөнөтүнө кирбейт.»;

5.1.9, 5.1.13, 6.2 жана 6.6-пункттары күчүн жоготкон катары таанылсын;

5.2.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«5.2.1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык кандайдыр бир комиссиялык төлөмдөрдү, айыптык санкцияларды жана башка төлөмдөрдү албастан, кредит мөөнөтүнөн мурда толугу менен же жарым-жартылай кайтарууга.»;

5.2.3-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«5.2.3. Кредитордон кредиттерди берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматты жана ушул Келишим боюнча өз укуктарын ишке ашыруу жана өз милдеттерин аткаруу үчүн зарыл жана жетиштүү башка маалыматтарды алуу.»;

6.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«6.1. Ушул Келишимди колдонуу мөөнөтү ичинде карыз алуучу Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык кандайдыр бир комиссиялык төлөмдөрдү, айыптык санкцияларды жана башка төлөмдөрдү албастан, ушул Келишим боюнча карыздын бардык суммасын төлөөгө же Кредит боюнча негизги карыздын суммасын жарым-жартылай төлөөгө укуктуу.»;

6.3-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«6.3. Карыз алуучу ушул Келишимди колдонуу мөөнөтү ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык кандайдыр бир комиссиялык төлөмдөрдү, айыптык санкцияларды жана башка төлөмдөрдү албастан, ушул Келишим боюнча карыздын бардык суммасын төлөөгө укуктуу.»;

6.4-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«6.4. Кредит боюнча карыздын негизги суммасын жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда төлөөдө кредитор ушул Келишимдин 8.5-пунктунда көрсөтүлгөн формула боюнча ссуда боюнча карыздын жаңы калдыгына жараша ар айлык аннуитеттик төлөмдү кайра эсептеп чыгып, өзгөртүлгөн ордун жабуу графигин карыз алуучуга берүүгө тийиш.».

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2009-жылдын 21-октябрындагы № 21/1 «Кыргыз Республикасынын микрофинансылык уюмдарында маалымат системасынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү» бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын микрофинансылык уюмдарында маалымат системасынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдүн:

- 1.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«1.2. Сунуш-көрсөтмөлөр Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы микрофинансы уюмдары жөнүндө» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан. Бул документ кеңеш берүүчү мүнөзгө ээ жана мында маалымат системаларын түзүү, иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү, программалык камсыздоону тандоо жана ишке киргизүү боюнча маалыматтар жана сунуштар камтылат.»;

1-таблицадагы:

- Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын 22-октябрындагы № 31/3 токтому менен бекитилген «Активдерди классификациялоонун жана Кыргыз Республикасында жеке адамдардан жана юридикалык жактардан депозиттерди тартууга укугу жок микрофинансылык уюмдар тарабынан потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабуу үчүн резервдерди түзүүнүн жалпы принциптери жөнүндө жобо» деген сөздөр алынып салынсын;

- «Улуттук банк Башкармасынын токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясынын (күбөлүгүнүн) негизинде иш жүргүзгөн банктык эмес финансы-кредиттик уюмдар тарабынан финансылык отчеттуулукту түзүүгө жана маалыматтарды берүүгө талаптар жөнүндө» деген сөздөр «Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчетторун түзүүгө, жарыялоого

жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө жобо» дегенге алмаштырылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2011-жылдын 29-июлундагы № 15/3 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктардын Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан банктардын Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөнүн:

- 12-пунктунун «Б. Милдеттенмелер» деген бөлүмүнүн жыйырманчы, жыйырма биринчи статьяларындагы «кард хасан, вадиа'а йад даман» деген сөздөр «кард, вади'айад дамана» дегенге алмаштырылсын;

- 35-пунктунун биринчи, төртүнчү, жетинчи статьяларындагы «Өкмөтүнүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» дегенге алмаштырылсын;

- 35-пунктунун биринчи, төртүнчү, жетинчи статьяларындагы «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» дегенге алмаштырылсын;

- 82-1-пунктундагы «көз карандысыз баалоочусу/банктын баалоочусу» деген сөздөр «ички баалоочу/баалоочу/баалоочу уюм» дегенге алмаштырылсын;

- 144-пунктунун бир миң отуз биринчи, бир миң жүз биринчи, эки миң жүз биринчи статьяларындагы «Өкмөтү» деген сөздөр «Министрлер Кабинети» дегенге алмаштырылсын;

- 144-пунктунун бир миң отуз биринчи, эки миң жүз биринчи статьяларындагы «Өкмөтүнүн» деген сөздөр «Министрлер Кабинетинин» дегенге алмаштырылсын;

Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөргө карата 1-тиркеменин:

- «Портфелдик инвестициялар» деген бөлүгүндөгү «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» дегенге алмаштырылсын;

- «Башка инвестициялар» деген бөлүгүндөгү «Өкмөтүнүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» дегенге алмаштырылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2014-жылдын 26-декабрындагы № 46/1 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 9, 13, 39, 47, 67, 73-пункттарындагы «эсептик» деген сөз «расмий» дегенге алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 10 жана 42-пункттарындагы «эсептик» деген сөз «расмий» дегенге алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 8 жана 9-пункттарындагы «Өкмөт» деген сөз ар кандай жөндөмөдө «Министрлер Кабинети» дегенге алмаштырылсын.

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчеттордун формаларын толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөнү бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрофинансылык компаниянын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөнүн:

- 1, 21, 24, 42, 43-пункттарындагы жана 1 жана 29-бөлүкчөлөрүндөгү «эсептик» деген сөз «расмий» дегенге алмаштырылсын;

- «Ислам каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар боюнча пайда жана чыгым жөнүндө отчет» деген 11-1-Е параграфынын «Операциялардан алынган кирешелер» деген А бөлүкчөсүнүн «в)» пунктчасындагы «хасан» деген сөз алып салынсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрокредиттик компаниянын жана микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөнүн:

- 1, 11-пункттарындагы жана 1 жана 18-бөлүкчөлөрүндөгү «эсептик» деген сөз «расмий» дегенге алмаштырылсын;

- «Ислам каржылоо принциптерине ылайык жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө отчет» бөлүкчөсүндөгү А. Активдер тобунун «в)» пунктундагы «хасан» деген сөз алып салынсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кредиттик союздун мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөнүн:

- таблицасындагы «Өкмөтүнүн» деген сөз «Министрлер Кабинетинин» дегенге алмаштырылсын.

9. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2018-жылдын 18-январындагы № 03/3 «Кредиттик бюронун отчет толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 1-пунктундагы «эсептик» деген сөз «расмий» дегенге алмаштырылсын.

10. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2019-жылдын 8-майындагы № 16/6 «Айыл чарбасын өнүктүрүүгө ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык каржылоо сунуштоо боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Айыл чарбасын өнүктүрүүгө ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык каржылоону сунуштоо боюнча сунуш-көрсөтмөнүн:

7-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«7. Үлүштүк катышуунун негизинде каржылоо – бул пайдада жана чыгымда катышууга негизденген каржылоо. Үлүштүк катышуунун негизинде каржылоого ылайык ФКУ финансылык каражаттарды ишкердикти жүзөгө ашыруу үчүн сунуштайт жана мурда макулдашылган шарттарга ылайык бул ишкердиктен алынган пайданы жана чыгымды бөлүштүрүү укугуна ээ.

Үлүштүк катышуунун негизинде каржылоонун негизги түрлөрү:

- шарика/мушарака;
- кемүүчү мушарака;
- мудараба.»;

«Негизги каражаттарды ислам принциптерине ылайык каржылоонун сунушталган түрлөрү» деп аталган 2-таблицанын:

- 1, 2, 3, 4, 6, 7, 8, 9, 10, 11, 12, 13-пункттарындагы «мушарака» деген сөз «кемүүчү мушарака» дегенге алмаштырылсын;
- 4-пунктунун экинчи сүйлөмүндөгү «бүтүмдөр» деген сөз «келишимдер» дегенге алмаштырылсын;

4-главасынын:

- 10-пунктунун биринчи абзацындагы «бүтүмү» деген сөз «келишими» дегенге алмаштырылсын;
- 12-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Салам келишими боюнча бир тарап (сатуучу) келечекте белгиленген мөөнөттө экинчи тарапка (сатып алуучуга) товарды өткөрүп берүүгө милдеттенет, ал эми сатып алуучу салам келишимин түзүү учурунда ошол товар үчүн төлөөгө милдеттенет.»;

- 13-пунктунун 1-пунктчасындагы «бүтүмү» деген сөз «келишими» дегенге алмаштырылсын;
- 14-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«Истиснаа келишими - бул анын шарттарына ылайык бир тарап (подрядчы) экинчи тараптын (тапшырыкчы) тапшырмасы боюнча белгилүү бир ишти аткарууга жана анын натыйжасын тапшырыкчыга белгиленген мөөнөттө тапшырууга милдеттенген, ал эми тапшырыкчы аткарылган ишти кабыл алып, алдын ала макулдашылган наркты төлөө милдеттенмесин өзүнө алган келишим.»;

- 16-пунктунун биринчи, экинчи абзацтары төмөнкү редакцияда берилсин:

«Иджара келишими – бул, ага ылайык ижарага берүүчү ижарачыга кардардын табыштамасы боюнча өз менчигине сатып алган, же болбосо ижарачы кайрылган учурда ижарага берүүчүнүн менчигинде турган мүлктү, же ижарага берүүчү ижарачынын табыштамасы боюнча аны пайдалануу укугуна ээ болгон мүлктү макулдашылган мөөнөткө белгилүү бир акыга убактылуу пайдаланууга (ижарага) сунуштоо каралган келишим.

Ошондой эле иджара келишиминде кызмат көрсөтүүлөрдү каржылоо каралышы мүмкүн, ага ылайык мындай укукту ижарачыга макулдашылган мөөнөткө белгилүү бир акыга андан ары ижарага сунуштоо менен ижара берүүчү ижарачынын табыштамасы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу укугуна ээ болот.

Иджара мунтахийя биттамлик келишими – бул, ага ылайык кардар ижарага алынган мүлктү келишимдин шарттарына ылайык сатып алууга милдеттенген келишим (өзүндө иджара келишиминин шарттарын камтыйт).»;

18-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«18. Шарика/мушарака.

Шарика/мушарака келишими – бул, эки же андан көп тараптар ортосунда түзүлгөн өнөктөштүк жөнүндө келишим, ал аркылуу ар бир өнөктөш белгилүү бир суммадагы акчаны же бардык өнөктөштөрдүн макулдугу менен - материалдык активдерди салат, бул ар бир өнөктөшкө пайданы шарика/мушарака келишимине ылайык бөлүштүрүү шарттарында компаниянын активдерин пайдалануу менен иш жүргүзүүгө укук берет, ал эми чыгымды ар бир өнөктөш компаниянын жалпы капиталына салымына жараша тартат.

Шарика/мушарака келишими жүгүртүү капиталына болгон муктаждыктарды каржылоо (кыска мөөнөттүү каржылоо) жана долбоорлорду каржылоо (узак мөөнөттүү каржылоо) үчүн пайдаланылышы мүмкүн.»;

- 19-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«19. Шарика/мушарака келишими боюнча бүтүмгө келишүү жол-жобосу:

1) ФКУга долбоорду ишке ашыруу үчүн талап кылынган каржылоону алуу үчүн бир же бир нече ишкер кайрылат;

2) ФКУ, башка өнөктөштөр менен катар эле, толук же жарым-жартылай каржылоо бөлөт; шарика/мушарака келишимине кол коюлат;

3) ФКУну кошо алганда, бардык өнөктөштөр долбоорду башкарууга катышуу укугуна ээ;

4) пайда аны бөлүштүрүү боюнча макулдашылган коэффициентке/формулага ылайык бөлүштүрүлөт, ал алардын капиталынын катышына дал келбөөгө тийиш;

5) жоготуулар ар бир өнөктөш тарабынан салынган капиталга ылайык бөлүштүрүлүүгө тийиш;

6) тараптар белгилеген мезгилдин акырында капиталдын негизги суммасы пайда менен бирге өнөктөштөр ортосунда бөлүштүрүлүүгө тийиш.»;

20-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«20. Кемүүчү мушарака.

Кемүүчү мушарака келишими – бул, шарика/мушарака келишиминин негизинде өнөктөштүк формасы, анда өнөктөштөрдүн бири экинчи өнөктөштүн үлүшүн ушул үлүшкө менчик укугу толугу менен ага өтмөйүнчө акырындап сатып алуу убадасын берет.»;

21-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«21. Кемүүчү мушарака келишими боюнча бүтүмдү жүзөгө ашыруу жол-жобосу:

1) тараптар кемүүчү мушарака келишимин түзөт, ага ылайык алар мүлктү сатып алууга салган каражаттарына пропорционалдуу катышат;

2) бир тарап мүлктүн жалпы наркынан белгилүү бир пайызды салат, ал эми калган бөлүгүн башка тарап төлөйт;

3) мүлктү сатып алгандан кийин бир тарап өз үлүшүн экинчи тарапка ижарага берет;

4) өз үлүшүн ижарага берген тарап ошол мүлккө менчик укугу ага толугу менен өтмөйүнчө өз үлүшүн экинчи тарапка бара-бара сатат;

5) мүлккө тиешелүү тобокелдиктер тараптар ортосунда алардын мүлктөгү үлүшүнө жараша бөлүнөт.»

22-пунктунун экинчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда берилсин:

«Мударибдин же башка тараптын инвесторго болгон карызы мудараба келишиминде капитал катары колдонулушу мүмкүн эмес.».